9. Муницыпалдык мүлктү ижарага берүү шарттары, ижара алуучунун жана ижара берүүчүнүн укуктары, милдеттери, тараптардын жоопкерчиликтери жана ижаранын башка шарттары ижара келишими менен белгиленет.

10. Ижарага алуучу ижара келишими күчүнө кирген мезгилден тартып мамлекеттик мүлктү ижарага алат. Ижара келишими ыйгарым укуктуу органдын каттоосунан өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Муницыпалдык мүлктү ижарага берүү келишими баланс кармоочунун сунушу боюнча ыйгарым укуктуу орган тарабынан аныкталган мөөнөткө түзүлөт. Ижарага берүү келишиминин мөөнөтү эки жылдан ашпоого тийиш.

11. Эгерде конкурстун жыйынтыгы боюнча ижарага алуучу ижара объектисине капиталдык оңдоо жүргүзүү же реконструкциялоо, ага жакын аймактарды көрктөндүрүү, баланс кармоочунун материалдык-техникалык базасын өнүктүрүү милдетин алса, анда тараптардын макулдашуусу боюнча ижара келишими он жылдан көп эмес мөөнөткө түзүлөт. Ошону менен жүргүзүлгөн жакшыртуунун наркы баланс кармоочу тарабынан кайтарылып берилбейт.

Ижара мөөнөтү бүткөндөн кийин, келишимдик милдеттенмелерди аткаруунун алкагында ижарага алуучу тарабынан. жүргүзүлгөн бардык бөлүнүүчү жана бөлүнбөөчү жакшыртуулар кайтарымсыз ижара берүүчүгө берилет жана анын чарба жүргүзүүсүнө же оперативдүү башкаруусунда калат.

12. Эгерде коммерциялык банктар тарабынан банкоматтарды жана төлөм терминалдарын орнотуу үчүн жайлардын бөлүгүн мамлекеттик, ошондой эле администрациялык мекемелерден ижара алууда ижара келишими үч жылга түзүлөт.

13. Ыйгарым укуктуу органдын жана баланс кармоочу-уюмдун кызматкерлери мамлекеттик мүлктү ижарага алуучу боло алышпайт.

14 Ижарага алуучу ижарага алынган муницыпалдык мүлктү кайра ижарага берүүгө, ижара келишими боюнча өзүнүн укуктарын башка жакка күрөө катары берүүгө, ошондой эле юридикалык жактардын уставдык капиталына аманат катары төгүүгө укуксуз.

15. Ижара келишиминин шарттарынын аткарылышын, ижарага берилип жаткан муницыпалдык мүлктүн техникалык абалын, мамлекеттик мүлктүн максаттуу багыты боюнча колдонулушун текшерүү максатында, ижарага берүүчү жана толук ыйгарым укуктуу орган ижарага алуучунун катышуусунда ижара объектисин кароого, ал үчүн бардык керектүү документтерди жана материалдарды суроого жана алууга укуктуу.

16. Капиталдык оңдоо, ижарага берүүчү тарабынан жүргүзүлөт, эгерде келишимде башкача каралбаса.

## 2. Мамлекеттик мүлктү ижарага түз берүү

17. Муницыпалдык мүлк төмөнкү учурларда ижарага тоорук өткөрүлбөстөн берилет, эгерде:

- ижара объектиси болуп кыймылдуу мамлекеттик мүлк эсептелсе;

- кыймылсыз муницыпалдык мүлктүн ижарага бериле турган аянты жетимиш кв.м ашпаса;

- ижарага алуучу чарбалык эсептин негизинде ишин жүргүзүүчү мамлекеттик же муниципалдык ишкана болсо;

- ижарага алуучу мамлекеттик же муниципалдык түзүм уставдык капиталдын элүү пайыздан ашык үлүшүнө (акциясына) ээлик кылган чарбалык коом болсо;

- муницыпалдык мүлк, убактылуу ээлик кылуу жана пайдалануу үчүн же мамлекеттик-жеке өнөктөштүк жөнүндө макулдашууну ишке ашыруунун алкагында жеке өнөктөшкө берилсе;